**“Бишкек инновациялык колледжи” мекемеси**

**«Бекитемин»**

**«БИК» тин мүдүрү ф.и.к., доцент**

**Эрмекбеков К. У.**

**«___» ______ 2026-жыл**

# Нооруз 2026 майрамына арналган САМЕРДЕН кыз-уландар оюн-зоок таймашынын отчету

# Темасы: «Куш келиңиз, Нооруз!»

**Даярдагандар:**
**1. Мамлекеттик тил жана тарбия иштери боюнча директордун орун басары – Тагаева Гүлзат Аликовна. (кол тамгасы ) ___________**
**2. Кыргыз тили жана кыргыз адабияты сабагынын окутуучулары:**
**2.1. Абдылдаева Б. О.**
**2.2. Абылкасымова Р.Т.**
**2.3. Курманкожоева Д. К.**

**2026 - жыл**

## Нооруз 2026 майрамына арналган

## САМЕРДЕН кыз-уландар оюн-зоок таймашынын отчету

**Иш - чаранын өткөрүлгөн күнү: 2026-жыл, 27-март айы**

**Өткөрүлгөн жери: «Бишкек инновациялык колледжи» мекемеси**

**Катышуучулар: «БИК" мекемесинин эмгек жамааты, 1-курстун студенттери жана чакырылган коноктор**

### 1. Иш-чаранын максаты

**Студенттерге Нооруз майрамынын маанисин түшүндүрүү, кыргыз элинин улуттук баалуулуктарын, каада-салтын, улуттук ашканасын жана оюндарын даңазалоо аркылуу эстетикалык жана патриоттук тарбия берүү.**

### 2. Иш-чаранын негизги бөлүктөрү

### I. *«Сармерден» кыз-жигиттер айтышы*

**Майрамдык салтанаттын башталышында сценарий боюнча «Сармерден» оюн-зоок таймашы өткөрүлдү. Студенттер макал-лакап айтышуу, жаңылмачтарды так айтуу, «Манас» айтуу жана улуттук аспаптарда ойноо боюнча күч сынашты.**

**Таймаштын жыйынтыгы: Кыздар тобу өздөрүнүн чечендиги жана ыр-бийге болгон өзгөчө даярдыгы менен айырмаланып, калыстар тобунун чечими менен 102 упай топтошуп, кыздар жеңүүчү деп табылды. Жигиттер тобу татыктуу өнөр көрсөтүшүп, бул жолу 101 упай менен экинчи орунга ээ болушту. Сарменденге катышкан кыз-жигиттер «Сөз чебери", "Тил чебери", "Сахна жылдызы", "Зээндүү тапкыч", "Булбул үн", "Шайыр чечен", "Назик кыймыл" деген номинациялар берилди. Аларга төмөндөгү студенттер татыктуу деп табылды.**

**1."Тил чебери" номинациясы менен төмөндөгү студенттер сыйланды. Алар:**

1. **Акбаралы уулу Таңнур, К-1-24 тайпасынын студенти**
2. **Токбаева Салия, А-1-24 тайпасынын студенти**

**2. "Назик кыймыл" номинациясы менен төмөндөгү студенттер сыйланды. Алар:**

1. **Калганбаев Акжол, ИЯ-1-24 тайпасынын студенти**
2. **Садырбаева Асема, БД-1-25 тайпасынын студенти**

**3.“Булбул үн”** номинациясы менен төмөндөгү студенттер сыйланды. Алар:

1. Усупбаева Каниет, Ю-3-25 тайпасынын студенти
2. Мейимбекова Аделя, Ю-1-25 тайпасынын студенти

**4.«Сөз чебери”** номинациясы менен төмөндөгү студенттер сыйланды. Алар:

1. Кудайбердиева Арууке, ИЯ-1-25 тайпасынын студенти

**5.“Зээндүү тапкыч”** номинациясы менен төмөндөгү студенттер сыйланды. Алар:

1. Океловa Адеми, А-3-23 тайпасынын студенти

**6.“Шайыр чечен”** номинациясы менен төмөндөгү студенттер сыйланды.Алар:

1. Курбанбекова Жанетта, А-2-24 тайпасынын студенти
2. Базаркулов Эдуард, К-1-24 тайпасынын студенти

**7.“Сахна жылдызы”** номинациясы менен төмөндөгү студенттер сыйланды. Алар:

1. Эргешова Аземи, А-3-24 тайпасынын студенти
2. Түрк-Анадолу лицейинин командасы

***II. Улуттук кийимдердин парады***

Сармерденден кийин салтанаттын катышуучулары кыргыздын улуттук кийимдеринин көргөзмөсүн тартуулашты. Студенттер кыргыздын байыркы оймо-чиймелери түшүрүлгөн чыптамаларды, тебетейлерди, элечектерди жана калпактарды кийип, кыргыз маданиятынын визуалдык сулуулугун көрсөтө алышты. Бул бөлүм улуттук сыймыктануу сезимин ойготту.

***III. Улуттук тамак-аштардын жарманкеси***

Майрамдын алкагында «Кыргыз дасторкону» аттуу улуттук тамак-аштардын көргөзмөсү уюштурулду.

Сүмөлөк: Нооруздун башкы символу катары сүмөлөк даярдалып, анын тарыхы жана касиети тууралуу маалымат берилди.

Дасторкон: Студенттер тарабынан боорсок, каттама, каймак сары май, жарма, чалап, ысык курт, май нан, сүзмө, май талкан, курут жана башка кыргыздын тамактары тартууланды. Калыстар тобу тамактардын даамына гана эмес, алардын жасалгаланышына жана берилишине да баа беришти.

***IV. Улуттук оюндардын өткөрүлүшү***

Иш-чаранын соңунда колледждин короосунда студенттер арасында кыргыздын элдик оюндары боюнча мелдештер өттү:

- Аркан тартыш: Жигиттер арасындагы эң кызыктуу жана курч мелдешке айланды.
- Ордо жана Чүкө атуу: Салттуу оюндар аркылуу студенттердин шамдагайлыгы жана тактыгы текшерилди.
- Кол күрөш: Студенттердин күч-кубатын сыноо максатында уюштурулду.

### 3. Жыйынтык


Нооруз майрамына карата өткөрүлгөн бул комплекстүү иш-чара абдан жогорку деңгээлде өттү. «Сармерденде» кыздардын жеңиши менен башталган салтанат улуттук тамак-аштар жана оюндар менен коштолуп, катышуучуларга майрамдык маанай тартуулады. Иш-чаранын соңунда жеңүүчүлөргө колледж жетекчилиги тарабынан баалуу белектер жана ыраазычылык каттар тапшырылды.



## Улуттук тамак-аштар - элдин байыркы маданиятын, меймандостугун чагылдырган өзгөчө мурас

















**Мамлекеттик тил жана тарбия иштери боюнча директордун орун басары** **Тагаева Гулзат Аликовна**